**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ**
***НАЦИОНАЛЬНЫЙ СТАТИСТИЧЕСКИЙ КОМИТЕТ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ***

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТУРИЗМ

# 2020-2024

# *ТУРИЗМ В КЫРГЫЗСТАНЕ*

**Статистикалык жыйнак**
***Статистический сборник***

***Бишкек 2025***

**Кыргызстандагы туризм**

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

| | | |
|---|---|---|
| Кеңештин төрагасы | - | Кудайбергенов Б. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | - | Керималиева Н. |
| | - | Шокенов Б. |
| | - | Жумалиев З. |
| | - | Кольбаев Э. |
| | - | Эшкожоев М. |
| | - | Бирюкова В. |
| | - | Турдубаева Ч. |
| | - | Исенкулова Э. |


Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 374; телефон: 996 (312) 324 918; факс: 660 138; интернет: www.stat.gov.kg; e-mail: nsc_mail@stat.kg
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Соода жана кызмат көрсөтүүлөр, МКТ жана туризм статистикасы башкармалыгы.

**«Кыргызстандагы туризм»** жыйнакта туризм чөйрөсүнүн өнүгүшүндөгү маалымат көрсөтүлдү. 2020-2024-жж. туризм мекемелеринин кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү, туризм чөйрөсүндө иш менен камсыз болуу, санатордук-курорттук жана туризм чөйрөсүндөгү рыноктук кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалымат чагылдырылды.

Басылмага, республикадагы туризмдин өнүгүшүн мүнөздөөчү 60 дан ашык таблицалар, ошондой эле көрсөткүчтөргө тиешелүү кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр киргизилди.

Басылма колдонуучулардын кеңири катмарлары үчүн багытталды.

Жылына бир жолу чыгарылат. Тиражы: 20 нуска.

Статистикалык маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттарында жана илимий эмгектерде пайдаланган учурда маалымат тармактарына, кагазда, магниттик жана башка алып жүрүүчүлөрдө таратканда пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Кыргыз Республикасынын «Расмий статистика жөнүндө» Мыйзамынын 30- беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2025-ж. 31- июлу.

Жыйнакта кабыл алынган шарттуу белгилер:

| | |
|---|---|
| - | кубулуш болгон эмес; |
| ... | маалымат жок; |
| 0,0 | көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз. |

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмачылыктары алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

Жыйнактын электрондук версиясы колдонуучулар үчүн Улутстаткомдун расмий сайтында www.stat.gov.kg/ru/statistics/tourism/, дареги боюнча жеткиликтүү, ошондой эле тиркелген QR коду менен да пайдаланууга болот.

**Туризм в Кыргызстане**

Редакционно-издательский Совет

| | | |
|---|---|---|
| Председатель | - | Кудайбергенов Б. |
| Члены: | - | Керималиева Н. |
| | - | Шокенов Б. |
| | - | Жумалиев З. |
| | - | Кольбаев Э. |
| | - | Эшкожоев М. |
| | - | Бирюкова В. |
| | - | Турдубаева Ч. |
| | - | Исенкулова Э. |


Для информации, связанной с этой публикацией, обращайтесь:
по адресу: г.Бишкек, ул. Фрунзе, 374, телефон: 996 (312) 324 918; факс: 660 138;
интернет: www.stat.gov.kg; e-mail: nsc_mail@stat.kg.
Национальный статистический комитет Кыргызской Республики
Управление статистики торговли и услуг, ИКТ и туризма.

В сборнике «Туризм в Кыргызстане» представлена информация о развитии сферы туризма. Приведены данные об объемах услуг учреждений туризма, о занятости в сфере туризма, санаторно-курортных и рыночных услугах в сфере туризма в 2020-2024гг.

В публикацию включено более 60 таблиц, характеризующих развитие туризма в республике, а также краткие методологические пояснения к публикуемым показателям.

Издание предназначено для широкого круга пользователей.

Издается один раз в год. Тираж: 20 экземпляров.

При использовании статистических данных в средствах массовой информации и научных трудах, распространении в информационных сетях, на бумажных, магнитных и иных носителях пользователи обязаны ссылаться на их источник (ст. 30 Закона Кыргызской Республики “Об официальной статистике”).

Последний день обновления данных настоящей публикации: 31 июля 2025г.

В сборнике приняты условные обозначения:

| | |
|---|---|
| - | явление отсутствует; |
| ... | данных не имеется; |
| 0,0 | значение показателя меньше единицы измерения |

Незначительные расхождения итога от суммы слагаемых объясняются округлением данных.

Электронная версия сборника доступна для пользователей на официальном сайте Нацстаткома по адресу: www.stat.gov.kg/ru/statistics/tourism/, а также с использованием прилагаемого QR - кода .

**Улуттук статистика комитетинин башка негизги басылмалары**

**“Кыргызстан цифраларда”**

Ыкчам маалыматтардын негизинде өлкөнүн 2024-ж. социалдык-экономикалык абалын мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөр мурдагы жылдар менен салыштырылып берилди. Калк, анын иш менен камсыз болушу жана жашоо деңгээли, ошондой эле экономиканын реалдуу секторунун айрым тармактарынын абалы жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын статистикалык жылдыгы 2020-2024”**

Жалпы республика жана анын региондору боюнча такталган маалыматтарга негизделген кеңири маалыматтарды камтыйт. Калк, анын иш менен камсыз болушу жана жашоо деңгээли жөнүндө маалыматтар берилди. Улуттук эсептер тутуму, республиканын чарба жүргүзүүчү субъекттери, чакан жана орто ишкердик, инвестициялар жөнүндө маалыматтар камтылды. Экономиканын реалдуу секторунун айрым тармактарындагы абал чагылдырылды. Тышкы экономикалык ишмердик тышкы сооданын көлөмү, экспорт жана импорт тууралуу маалыматтар менен берилет.

**“Кыргызстандагы туризм 2020-2024”**

Кыргыз Республикадагы туризмдин өнүгүшү жөнүндө маалыматтар, анын ичинде келүүчүлөр, туристтерди жайгаштыруу каражаттары, ушул кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын жана тарифтердин көлөмү ж.б. маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик 2020-2024”**

Чакан жана орто ишканалардын, дыйкан (фермердик) чарбаларынын жана жеке ишкерлердин ишмердиктеринин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердиги 2020-2024”**

2024-ж. чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканалардын ишмердигинин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү боюнча кыскача талдоолор жана статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырылып берилет.

**“Кыргыз Республикасынын улуттук эсептери 2020-2024”**

Улуттук эсеп тутумундагы көрсөткүчтөрдү түзүүнүн жана өз ара байланышуунун принциптери, негизги түзүмдөрү жана алардын айрым компоненттери баяндалат, республиканын ички дүң продуктун өндүрүү, түзүү, бөлүштүрүү жана пайдалануу жөнүндөгү жалпыланган маалыматтарды камтыган эсеп тутуму берилет.

**Ресурстар-Пайдалануу" таблицалары 2023-ж**

Статистикалык бюллетени Кыргыз Республикасынын экономикасындагы товарлардын жана кызмат көрсөтүү агымдарын чагылдыруучу Улуттук эсептер системасынын методологиялык принциптери жана стандарттарына ылайык иштелип чыккан "Ресурстар-Пайдалануу" таблицаларын камтыйт.

**Кыргыз Республикасынын товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүнүн жана пайдалануунун тармактар аралык теңдеми 2023**

Жыйнак товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү негизги жана сатылып алынган бааларда сунуштоо боюнча таблицаларды, “Чыгымдар-Чыгаруу” таблицаларын, негизги жана сатылып алынган баалардагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн агымдарынын макулдашуусун, тике жана толук чыгымдардын коэффициенттерин, тармактар аралык теңдемдин көрсөткүчтөрүнүн талдоо таблицаларын (“Чыгымдар-Чыгаруу” таблицаларын) камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын өнөр жайы 2020-2024”**

Басылмада 2024-ж. өнөр жайдын жалпы республика боюнча өнүгүшүн мүнөздөөчү негизги көрсөткүчтөр мурдагы жылдарга салыштырылып берилди. Продукциялардын айрым түрлөрүнүн республика жана аймактар боюнча өндүрүлүшү жөнүндө маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2020-2024”**

2024-ж. республиканын айыл чарбасынын негизги тармактарынын абалын мүнөздөгөн статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырып берилет.

**“Кыргыз Республикасындагы инвестициялар 2020-2024”**

2024-ж. республиканын инвестициялык жана курулуш ишмердиги боюнча статистикалык маалыматтар мурунку жылдарга салыштырып берилет.

**“Кыргыз Республикасынын керектөө рыногу 2020-2024”**

Республикадагы жана анын региондорундагы ички сооданын абалы жөнүндө статистикалык маалыматтар, ошондой эле аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Кыргыз Республикасынын маалыматтык-коммуникациялык технологиялары 2020-2024”**

Жалпы республика жана анын региондору боюнча юридикалык жактардын маалыматтык-коммуникациялык технологияларынын абалын жана пайдаланылышын талдоону камтыйт. Тиркемелерде экономикалык ишмердиктин түрлөрү жана менчик формалары боюнча МКТнын абалы тууралуу толук маалыматтар берилет.

**“Кыргыз Республикасынын ишканаларынын финансысы 2020-2024”**

Экономиканын реалдуу жана финансы секторундагы ишканалардын финансылык көрсөткүчтөрүнүн кыскача талдоосун камтыйт. Тиркемелерде кеңири маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Кыргыз Республикасынын тышкы жана өз ара соодасы 2020-2024”**

Товарлардын тышкы жана өз ара соодасы, кызмат көрсөтүүлөрдүн соодасы, импорт жана экспорт бааларынын индекстери, валюталар курсу жөнүндө статистикалык маалыматтарды камтыйт. Тиркемелерде кеңири статистикалык маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Кыргыз Республикасынын демографиялык жылдыгы 2020-2024”**

Республиканын административдик-аймактык бөлүнүшү, калктын санынын, жаш курактык жана улуттук курамынын өзгөрүшү, анын республиканын аймагында жайгашуусу, төрөлүү жана өлүм, никелешүү жана ажырашуу, миграция тууралуу маалыматтарды камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли 2020-2024”**

Улутстатком тарабынан үй чарбаларга жыл сайын өткөрүлүүчү изилдөөлөргө ылайык, кедейчилик көрсөткүчтөрүнүн, калктын кирешелеринин жана чыгымдарынын, тамактануунун энергетикалык баалуулугу жөнүндө маалыматтардын талдоосун камтыйт. Калкты социалдык жактан камсыздоо жөнүндө маалыматтар көрсөтүлдү. Тиркемелерде кеңири статистикалык маалыматтар жана аларга методологиялык түшүндүрмөлөр берилет.

**“Иш менен камсыз кылуу жана жумушсуздук”**

Басылма 2024-ж. өткөрүлгөн үй чарбалардын бюджеттерине жана жумушчу күчүнө интеграциялык тандалма изилдөө жүргүзүүнүн жыйынтыктары боюнча даярдалды. Жумушчу күчү, аймактар, жынысы, билим деңгээли, экономикалык ишмердиктин түрлөрү, иштеген жумушу ж.б. боюнча бөлүштүрүлгөн иштеген жана иштебеген калк жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

**“Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери 2020-2024”**

Калктын саны жана түзүмү, жашоо узактыгы, оорулар, билим берүү, экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жумуштуулук, башкаруу органдарындагы өкүлчүлүк жөнүндө маалыматтар гендердик аспектте берилет.

**“Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөсү 2020-2024”**

Жыйнакта жаратылыш ресурстарынын абалын, ага экологиялык таасир этүүнүн көрсөткүчтөрүнүн, ошондой эле аны коргоо боюнча жүргүзүлгөн иш-чараларды мүнөздөгөн маалыматтар камтылат.

***Другие основные публикации Национального статистического комитета***

**«Кыргызстан в цифрах»**

Представлены основные показатели, характеризующие социально-экономическое положение страны в 2024г. в сравнении с предыдущими годами на основе оперативных данных. Содержит информацию о населении, его занятости и уровне жизни, а также о состоянии отдельных отраслей реального сектора экономики.

**«Статистический ежегодник Кыргызской Республики 2020-2024»**

Содержит подробную информацию, основанную на уточненных данных, как в целом по республике, так и по ее регионам. Представлены данные о населении, его занятости и уровне жизни. Помещена информация о системе национальных счетов, хозяйствующих субъектах республики, малом и среднем предпринимательстве, инвестициях. Освещено положение в отдельных отраслях реального сектора экономики. Внешнеэкономическая деятельность представлена данными об объемах внешней торговли, экспорта и импорта.

**«Туризм в Кыргызстане 2020-2024»**

Представлены данные о развитии туризма в Кыргызской Республике, включая информацию о посетителях, средствах размещения туристов, объеме услуг и тарифах на эти услуги и др.

**«Малое и среднее предпринимательство в Кыргызской Республике 2020-2024»**

Представлены статистические данные по основным экономическим показателям деятельности малых и средних предприятий, крестьянских (фермерских) хозяйств и индивидуальных предпринимателей.

**«Деятельность предприятий с иностранными инвестициями в Кыргызской Республике 2020-2024»**

Представлен краткий анализ и статистические данные по основным экономическим показателям деятельности предприятий с иностранными инвестициями в 2024г. в сравнении с предыдущими годами.

**«Национальные счета Кыргызской Республики 2020-2024»**

Излагаются принципы построения и взаимосвязь показателей системы национальных счетов, основные структуры и их отдельные компоненты, приведена система счетов, содержащая обобщенные данные о производстве, образовании, распределении и использовании валового внутреннего продукта республики.

**Таблицы «Ресурсы - Использование» за 2023г**

Статистический бюллетень содержит таблицы «Ресурсы - Использование», разработанных в соответствии с методологическими принципами и стандартами Системы национальных счетов, отражающих потоки товаров и услуг в экономике Кыргызской Республики.

**Сборник «Межотраслевой баланс производства и использования товаров и услуг Кыргызской Республики» за 2023г.**

Публикация содержит таблицы по предложению товаров и услуг в основных и покупных ценах, таблицы «Затраты - Выпуск», согласование потоков товаров и услуг в основных и покупных ценах, коэффициенты прямых и полных затрат и аналитические таблицы показателей межотраслевого баланса

**«Промышленность Кыргызской Республики 2020-2024»**

Представлены основные показатели, характеризующие развитие промышленности в целом по республике в 2024г. в сравнении с рядом предшествующих лет. Приведены данные о производстве отдельных видов продукции по республике и территории.

**«Сельское хозяйство Кыргызской Республики 2020-2024»**

Приведены статистические данные, характеризующие состояние основных отраслей сельского хозяйства республики в 2024г. в сравнении с предыдущими годами.

**«Инвестиции в Кыргызской Республике 2020-2024»**

Представлены статистические данные об инвестиционной и строительной деятельности в республике за 2024г. в сравнении предыдущими годами.

**«Потребительский рынок Кыргызской Республики 2020-2024»**

Представлены статистические данные о состоянии внутренней торговли в республике и ее регионах, а также методологические пояснения к ним.

**«Информационно-коммуникационные технологии Кыргызской Республики 2020-2024»**

Содержит анализ использования информационно-коммуникационных технологий юридическими лицами как в целом в республике, так и по ее регионам. В приложениях приведены подробные данные о состоянии ИКТ по формам собственности и видам экономической деятельности.

**«Финансы предприятий Кыргызской Республики 2020-2024»**

Содержит краткий анализ финансовых показателей предприятий реального и финансового секторов экономики. В приложениях приведены подробные данные и методологические пояснения к ним.

**«Внешняя и взаимная торговля Кыргызской Республики 2020-2024»**

Представлены статистические данные о внешней и взаимной торговле товарами, торговле услугами, индексах цен импорта и экспорта, а также курсы валют. В приложениях приведены подробные статистические данные и методологические пояснения к ним.

**«Демографический ежегодник Кыргызской Республики 2020-2024»**

Содержит данные об административно-территориальном делении республики, изменении численности, половозрастном и национальном составе населения, его размещении по территории республики, рождаемости и смертности, брачности и разводимости, миграции.

**«Уровень жизни населения Кыргызской Республики 2020-2024»**

Содержит анализ показателей доходов и расходов населения, бедности, энергетической ценности питания, отслеживаемых Нацстаткомом в соответствии с ежегодно проводимыми обследованиями домохозяйств. Представлены данные о социальном обеспечении населения. В приложениях приведены подробные статистические данные и методологические пояснения к ним.

**«Занятость и безработица»**

Подготовлен по итогам интегрированного выборочного обследования бюджета домашних хозяйств и рабочей силы в 2023г. Содержит данные о рабочей силе, занятом и безработном населении с их распределением по территории, полу, уровню образования, видам экономической деятельности, занятиям и др.

**«Женщины и мужчины Кыргызской Республики 2020-2024»**

В гендерном аспекте представлены данные о численности и структуре населения, продолжительности жизни, заболеваемости, образовании, занятости по видам экономической деятельности, представительстве в органах управления.

**«Окружающая среда в Кыргызской Республике 2020-2024»**

Содержит информацию, характеризующую состояние природных ресурсов и окружающей среды, показатели экологического воздействия на нее, а также мероприятия по ее защите.

## *СӨЗ БАШЫ*

Жыйнакта бир катар мурдагы жылдарга салыштырмалуу 2024-ж. Кыргыз Республикасындагы туризмдин өнүгүшү жөнүндө маалыматтар көрсөтүлдү.

Бул басылмада туристтерди жайгаштыруу каражаттары, келүүчүлөр, туристтик ресурстар, туризм үчүн товарларды өндүрүү жана туризм чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү, ушул кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары (тарифтери), инвестициялар ж.б. жөнүндө маалымат камтылды.

Жыйнакты даярдоо учурунда расмий статистика органдары тарабынан текши жана тандалма текшерүүнүн негизинде юридикалык жактардан жана жеке адамдардан, ошондой эле администрациялык булактардан алынган маалыматтар пайдаланылды.

Жыйнакта ошондой эле туризм статистикасы маселелери боюнча кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр көрсөтүлдү.

2024-жылдын маалыматтары айрым учурларда алдын ала берилди.

## *ПРЕДИСЛОВИЕ*

*В сборнике приведены данные о развитии туризма в Кыргызской Республике в 2024г. в сравнении с рядом предшествующих лет.*

*В нем содержится информация о посетителях, средствах размещения туристов, туристских ресурсах, производстве товаров для туризма и объеме услуг в сфере туризма, ценах (тарифах) на эти услуги, инвестициях и др.*

*При подготовке сборника использованы данные, полученные органами официальной статистики от юридических и физических лиц на основе сплошных и выборочных обследований, а также данные из административных источников.*

*В сборнике приведены краткие методологические пояснения по вопросам статистики туризма.*

*Данные за 2024 год в ряде случаев являются предварительными.*

## 2024-ЖЫЛЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ТУРИЗМ ЧӨЙРӨСҮНҮН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН НЕГИЗГИ КӨРСӨТКҮЧТӨР

**Туризм чөйрөсүндөгү чарба жүргүзүүчү субъекттер.** 2025-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасында туризм чөйрөсү менен байланышкан экономикалык ишмердикти жүргүзгөн 141,5 миң чарба жүргүзүүчү субъект (юридикалык жана жеке жактар) катталды. Бул санга туристтик товарларды өндүрүүчү, аларды сатуучу жана туристтик-экскурсиялык кызматтарды көрсөтүүчү ишканалар, ресторандар, туристтердин жашоосу, эс алуусу жана көңүл ачуулары менен байланышкан жайгаштыруу жайлары (коруктар, улуттук табигый парктар, альплагерлер), бардык түрдөгү транспорт ишканалары ж.б. кирет.

Алардын негизги бөлүгү - 29,0 миң субъект же 20,5 пайызы Бишкек шаарында, 22,5 миң же 15,9 пайызы – Ош облусунда, 20,7 миң же 14,6 пайызы Чүй облусунда, 17,0 миң же 12,0 пайыз - Ош шаарында, 13,2 миң же 9,3 пайызы Ысык-Көл облусунда, 15,1 миң же 10,6 пайызы Баткен облусунда, 15,2 миң же 10,7 пайызы Джалал-Абад облусунда, 5,5 миң же 3,9 пайызы Нарын облусунда жана 3,4 миң же 2,4 пайызы Талас облусунда жайгашкан.


Чарба жүргүзүүчү субъекттердин (юридикалык жана жеке жактардын) жалпы санынын ичинен 18,4 миңи же 13,0 пайызы рекреация жана эс алуу тармагында кызмат көрсөтүүчү ишканалар (мейманкана чарбаларынын, эс алуу базаларынын, ресторандардын, дарылануу-ден соолукту чыңдоочу профилакторийлердин кызмат көрсөтүүлөрү) катары катталган. Негизинен мындай чарба жүргүзүүчү субъекттердин 7,1 миңи (38,7 пайызы) Бишкек шаарында жана 2,4 миңи (13,1 пайызы) Ысык-Көл облусунун курорттук зоналарында жайгашкан.

Туризм чөйрөсүндө жеке ишкердик ишмердиги менен 124 миңден ашык жеке жактар же катталган чарба жүргүзүүчү субъекттердин жалпы санынын 88 пайызы алектенет.

2024-жылы 769 эс алуу мекемелери жана туризм уюмдары, ошондой эле 2 013 мейман үйлөрү туристтерди кабыл алып, аларга кызмат көрсөтүштү. Анын ичинен: жайгаштыруунун адистештирилген каражаттары – 186 (99 - эс алуучу пансионаттар, анын ичинен эки дарылоо пансионаты, ден соолукту чыңдоочу балдар үчүн лагерлер жана комплекстер - 23, 17 санаторий, анын ичинен балдар санаторийлери - 4, санаторий-профилакторий - 10, туристик базалар жана эс алуу базасы - 37) мейманкана жана жайгаштыруунун ушул сыяктуу каражаттары - 330, жаратылыш парктары жана коруктар – 12, башка туристтик мекемелер – 139, жана ошондой эле, турфирма жана туроператорлор, саякат жана экскурсия бюролору - 102.

2024-жылы эс алгандардын саны 3,7 млн. ашык адамды түздү, бул 2023-жылга салыштырмалуу 1,3 эсеге көп, анын ичинен, туризмдин уюштурулган секторунда – 2,4 млн. ашык адам (1,3 эсеге көп), уюштурулбаган сектордо – 1,3 млн. ашык адам (1,2 эсеге көп).

**Эс алгандардын саны**
*( жыйынтыкка карата пайыз менен)*



Ошону менен бирге, уюштурулган сектордо эс алгандардын (туристтердин) үлүшү 2020-жылы 55 пайыздан 2024-жылы 65 пайызга чейин көбөйдү, тескерисинче, уюштурулбаган сектордо эс алгандардын үлүшү 45 пайыздан 35 пайызга чейин төмөндөдү.


Туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн олуттуу бөлүгү Ысык-Көл облусуна тиешелүү, мында 2024-жылы мейман үйлөрүн кошкондо 2,2 миң эс алуу мекемелери жана туризм уюмдары, туристтерди кабыл алып, аларга кызмат көрсөтүштү. Облуста туризмдин уюштурулган секторунда эс алгандардын саны 714 миңге жакын адамды түздү, бул 2023-ж. салыштырганда 1,3 эсеге көп болду. Мындан тышкары, 2024-жылы Ысык-Көл облусунун курорттук зоналарындагы уюштурулбаган сектордо (мейман үйлөрү жана үй чарбаларында) 1,2 млн. ашык адам эс алды, же болбосо 1,2 эсеге көп.

2024-жылы туристтик фирмалар аркылуу саякатка 58 миңге жакын адам жөнөтүлдү, анын 44 пайызы башка өлкөлөргө жөнөтүлгөн Кыргызстандын жарандары, ал эми 56 пайызы башка өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын аймагында саякаттап жүргөн Кыргыз Республикасынын жарандары.

Туризм чөйрөсүндө түзүлгөн кошумча дүң нарк 2024-жылы алдын ала баалоо боюнча 58 млрд. жакын сомдон ашык өлчөмдө түзүлдү, же ИДПга карата 3,8 пайызга жетти, ал эми 2020-жылы, ал 2,9 пайызды түзгөн.

**Туристтик ишмердик чөйрөсүндөгү кошумча дүң нарк**


*(ИДПга карата пайыз менен)*





Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин чек ара кызматынын маалыматтары боюнча 2024-жылы, чет элдик жарандардын Кыргыз Республикасынын чек арасын кесип өтүүлөрүнүн (жарандык өлкөлөрү боюнча) саны 9 млн. жакын болду. Чек араны кесип өтүүлөрдүн (келүүлөрдүн) негизги бөлүгү Өзбекстан, Казакстан, Россия жана Кытай өлкөлөрүнүн жарандарына туура келди.

**Кыргыз Республикасынын чек арасын чет элдик жарандардын жарандык өлкөлөрү боюнча кесип өтүүлөрүнүн (келүүлөр) саны**

*(жыйынтыкка карата пайыз менен)*




**Туризм чөйрөсүндөгү инвестициялар.** 2024-жылы туризм чөйрөсүнө 11 млн. АКШ долларынан көбү тике чет өлкөлүк инвестициялар тартылган (чыгууларды эсепке албаганда), бул 2023-жылга салыштырмалуу 3 эсеге аз. КМШдан тышкаркы өлкөлөрдөн алардын көлөмү 4,6 эсеге аз түшкөн, ал эми КМШ өлкөлөрүнөн, тескерисинче, 1,4 эсеге көп түшкөн.

2024-жылы туризм чөйрөсүндөгү тике чет өлкөлүк инвестициялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 1,1 пайызды түзгөн, ал эми өткөн жылы ал 4,0 пайызды түзгөн.

Тике чет өлкөлүк инвестициялардын негизги көлөмү (туризм чөйрөсүнө тартылган инвестициялардын 91 пайызы) Казакстандан – 20,3 пайыз, Бириккен Араб Эмираттарынан – 19,9 пайыз, Россиядан – 19,6 пайыз, Америка Кошмо Штаттарынан –16,2 пайыз, Кытайдан – 7,8 пайыз, Швейцариядан – 7,3 пайыз түшкөн.

Туризм объекттеринин курулушуна 2024-жылы негизги капиталга инвестициянын 23 млрд. сомдон көбү өздөштүрүлдү, бул 2023-жылга караганда 27,1 пайызга жана 2020-жылга салыштырганда 31,5 пайызга көп.

**Туризм чөйрөсүндөгү кызматкерлердин саны жана эмгек акы.** 2024-жылы туризм чөйрөсүндөгү ишканалардын жана уюмдардын кызматкерлеринин орточо тизмелик саны 11 миң адамды түздү. Кызматкерлердин эң көп саны мейманкана мекемелеринде иштегендер (29 пайыз) болду.

2024-жылы туризм чөйрөсүндөгү бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эсептелген эмгек акысы 2020-жылга салыштырмалуу 2,4 эсеге көбөйүү менен 24 927 сомду түздү.

**Туризм чөйрөсүндөгү кызмат көрсөтүүлөр.** 2024-жылы калкка туристтик-экскурсиялык кызматтар 6 млрд. жакын сомго көрсөтүлүп 2023-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге көп болду, ошондой эле санатордук-курорттук ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү 9 пайызга көп болу.

Мейманканалар жана кыска мөөнөттүк жашоо үчүн багытталган башка жайлардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 8 млрд. ашыгыраак сомду түзүп, 2023-жылга салыштырганда 30,3 пайызга көбөйдү.

**Туристтик ташуулар.** 2024-жылы жүргүнчүлөрдү ташуучу транспорттун бардык түрлөрү менен 9 млн. ашыгыраак туристтер ташылды, бул 2020-жылга салыштырмалуу 11 эсеге көп болду, ал эми 2023-жылга салыштырмалуу 1,3 пайызга көбөйдү.

Туристтерди ташуудан түшкөн кирешелер (учурдагы баа менен) 2020-жылга салыштырмалуу 3,6 эсеге көп болду жана 2023-жылга салыштырмалуу - 20 пайызга көбөйдү.

**Туризм үчүн товарларды өндүрүү.** 2024-жылы өнөр-жай ишканалары тарабынан туризмди өнүктүрүү үчүн чыгарылган товарлар 2,7 млрд. сомго, же өткөн жылга караганда 1,2 пайызга аз өндүрүлдү. Өндүрүүнүн көлөмүнүн төмөндөшү сувенирлерди чыгаруунун 43 пайызга жана минералдык сууларды – 9 пайызга кыскарганы менен шартталды.

Ошол эле убакта 2024-жылы өткөн жылга салыштырмалуу улуттук килемдер жана калпактарды өндүрүү – 1,9 эсеге, боз үйлөр – 1,6 эсеге, ошондой эле шахмат, нарды жана кычкыл сүт ичимдиктери – 1,4 эсеге, өстү.

**Туризмди камсыздандыруу**. 2024-жылы республиканын экономикасынын финансы секторунда 16 камсыздандыруу компаниялары ишмердигин жүргүзүштү, алар менен 1,7 млн. камсыздандыруу келишими түзүлгөн, бул 2020-жылга салыштырмалуу 10,5 эсеге көп. 2024-жылы түзүлгөн камсыздандыруу келишимдеринин жалпы санынын 72 миңге жакыны же 4,3 пайызы туризмди камсыздандырууга (2020-жылы - 8,4 пайызы) туура келди.

Туризм боюнча түзүлгөн камсыздандыруу келишимдердин камсыздандыруу суммасы 2023-жылга салыштырмалуу 22,3 пайызга (же 40,5 млрд. сомго) азайып, 2024-жылдын аягына карата 140,8 млрд. сом өлчөмүндө түзүлдү, ал эми 2020-жылга салыштырмалуу ал тескерисинче 4,4 эсеге же 109 млрд. сомго көбөйдү. 2024-жылы 118,2 млн. сом камсыздандыруу төгүмдөрү келип түшкөн, бул 2023-жылга салыштырмалуу 2 пайызга аз, ал эми 2020-жылга салыштырмалуу - 6,6 эсеге көп. Мында 2024-жылы туризм камсыздандыруу ишмердигинин үлүшүнө жалпы камсыздандыруу суммасынын 7,5 пайызы жана бардык келип түшкөн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн 2,3 пайызы туура келди.

Жалпысынан 2024-жылдын ичинде 613 камсыздандыруу учуру катталып, алар боюнча 28 млн. сомго камсыздандыруу төлөмдөрү жүргүзүлдү.

**Туризм боюнча сурамжылоонун жыйынтыгы.** Туризм статистикасы Ысык-Көл облусунун аймактарында жайгашкан, туризм чөйрөсүндө экономикалык ишмердикти жүргүзгөн субъекттерди (юридикалык жана жеке жактарды) толук камтууну камсыздоо боюнча иштерди өз убагында жана натыйжалуу уюштуруу максатында Кыргыз Республикасынын Улутстаткому Ысык-Көл облусундагы статистикалык башкармалыгы менен бирдикте 2024-жылдын 1-августунан 10-августуна чейин бир жолку жалпы сурамжылоо жүргүздү.

Бардыгы болуп 178 санатордук-курорттук мекемелер, эс алуу уюмдары, жайгаштыруунун атайын адистештирилген каражаттары, ошондой эле эс алуу мекемесинин аймагында жайгашкан 1195 жана эс алуу мекемесинин аймагынан сырткары жайгашкан 818 менчик мейман үйлөрүнө изилдөө жүргүзүлдү.

Ошондой эле Улутстатком Ысык-Көл облусунун рекреациалык зонасында жайкы туристтик сезон учурунда уюштурулбаган туристтерди кабыл алып жаткан үй – чарбаларга жыл сайын тандалма изилдөө жүргүзулөт. 2024-жылдын туристтик сезону туристтердин санынын, анын ичинде уюштурулбаган туристтердин үй-чарбаларында жашоо үчүн орун жана тамак-ашты уюштурган кызмат көрсөтүүлөрүнүн колдонуусунун өсүшү менен мүнөздөлдү. Ошол эле учурда бир адамдын эс алуу мөөнөтүнүн узарышы 3 күндү түздү. 2024-жылы уюштурулбаган сектордо эс алган туристтердин саны 427 миң адамды түздү, алардын ичинен 26 миңге жакын чет өлкөлүк жарандар болду.

## ОСНОВНЫЕ ПОКАЗАТЕЛИ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ СФЕРЫ ТУРИЗМА В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ В 2024 ГОДУ

**Хозяйствующие субъекты сферы туризма.** На 1 января 2025 года в Кыргызской Республике зарегистрировано 141,5 тыс. *хозяйствующих субъектов* (юридических и физических лиц), осуществляющих экономическую деятельность, связанную со сферой туризма. В это число входят предприятия, производящие туристические товары, торгующие ими и оказывающие туристско-экскурсионные услуги, рестораны, средства размещения туристов, связанные с проживанием, отдыхом и развлечениями (заповедники, национальные природные парки, альплагеря), предприятия всех видов транспорта и т.д.

Основная их часть расположена в г. Бишкек – 29,0 тыс. субъектов, или 20,5 процента от их общего числа, в Ошской области – 22,5 тыс., или 15,9 процента, в Чуйской области – 20,7 тыс., или 14,6 процента, в г. Ош – 17,0 тыс., или 12,0 процента, в Иссык-Кульской области – 13,2 тыс., или 9,3 процента, в Баткенской области – 15,1 тыс., или 10,6 процента, в Джалал-Абадской области – 15,2 тыс., или 10,7 процента, в Нарынской области – 5,5 тыс., или 3,9 процента, в Таласской области – 3,4 тыс., или 2,4 процента.

Из общего числа хозяйствующих субъектов (юридических и физических лиц) - 18,4 тыс. или 13,0 процента зарегистрированы как предприятия, оказывающие услуги в области рекреации и отдыха (услуги гостиничных хозяйств, базы отдыха, рестораны, лечебно-оздоровительные профилактории). В основном, такие хозяйствующие субъекты расположены в г. Бишкек – 7,1 тыс. субъектов (38,7 процента) и курортной зоне Иссык - Кульской области – 2,4 тыс. субъектов (13,1 процента).


Индивидуальной предпринимательской деятельностью в сфере туризма, занято более 124 тыс. физических лиц, или 88 процентов от общего числа зарегистрированных хозяйствующих субъектов.

В 2024 году прием и обслуживание туристов осуществляли 769 учреждений отдыха и организаций туризма, а также 2 013 гостевых домов. В их числе 186 специализированных средств размещения (99 пансионатов, 17 санаториев, из них 4 - детских, 10 санаториев-профилакториев, два пансионата с лечением, 37 туристских баз и баз отдыха и 23 спортивно-оздоровительных лагеря и комплекса), 330 гостиниц и аналогичных средств размещения, 12 природных парков и заповедников, 139 других туристических объектов, а также 102 турфирмы, туроператора и бюро.

Численность отдохнувших в 2024 году составила более 3,7 млн. человек, что по сравнению с 2023 годом в 1,3 раза больше, из них в организованном секторе туризма более 2,4 млн. человек (в 1,3 раза больше) и в неорганизованном секторе – 1,3 млн. человек (в 1,2 раза больше).

**Численность отдохнувших**

*(в процентах к итогу)*



При этом, если доля туристов, отдохнувших в организованном секторе, в общем числе туристов возросла с 55 процентов в 2020 году до 65 процентов – в 2024 году, то доля отдохнувших в неорганизованном секторе за этот период, напротив, сократилась с 45 процентов до 35 процентов.


Значительная часть предоставляемых туристских услуг приходилась на Иссык-Кульскую область, где в 2024 году прием и обслуживание туристов осуществляли 2,2 тыс. учреждений отдыха и организаций туризма, включая гостевые дома. Численность отдохнувших в организованном секторе туризма области составила около 714 тыс. человек, что по сравнению с 2023 годом в 1,3 раза больше.  Кроме того, в неорганизованном секторе курортной зоны Иссык-Кульской области (гостевые дома и домашние хозяйства) в 2024 году отдохнуло более 1,2 млн. человек, или в 1,2 раза больше.

Через туристические фирмы в 2024 году отправлено около 58 тыс. человек, из которых 44 процента являлись гражданами Кыргызстана, а 56 процентов – гражданами других стран и гражданами Кыргызской Республики, путешествующими по Кыргызстану.

*Валовая добавленная стоимость* в сфере туризма в 2024 году, по предварительной оценке, сложилась в размере около 58 млрд. сомов и составила 3,8 процента к ВВП, в то время как в 2020 году она составляла 2,9 процента.

**Валовая добавленная стоимость в сфере туристической деятельности**


*(в процентах к ВВП)*




По данным Пограничной службы Государственного комитета национальной безопасности Кыргызской Республики, в 2024 году число пересечений границы Кыргызской Республики иностранными гражданами (по стране гражданства), составило около 9 млн. Основное число пересечений (прибытий) пришлось на граждан Узбекистана, Казахстана, России и Китая.

**Число пересечений границы Кыргызской Республики иностранными гражданами по стране гражданства (прибытия)**

*( в процентах к итогу)*




**Инвестиции в сферу туризма**. В 2024 году в сферу туризма привлечено более 11 млн. долларов США прямых иностранных инвестиций (без учета оттока), что в 3 раза меньше, чем в 2023 году. Из стран вне СНГ их объем уменьшился в 4,6 раза, в то время как из стран СНГ, напротив, увеличился в 1,4 раза.

В 2024 году доля прямых иностранных инвестиций в сферу туризма в общем объеме инвестиций составила 1,1 процента, в то время как в предыдущем году она составляла 4,0 процента.

Основной объем прямых иностранных инвестиций (91 процент от общего объема привлеченных инвестиций в сферу туризма) поступил из Казахстана – 20,3 процента, Объединенных Арабских Эмиратов – 19,9 процента, России – 19,6 процента, Соединенных Штатов Америки – 16,2 процента, Китая – 7,8 процента, а также Швейцарии – 7,3 процента.

На строительстве объектов туризма в 2024 году освоено более 23 млрд. сомов инвестиций в основной капитал, что на 27,1 процента больше, чем в 2023 году и на 31,5 процента больше - чем в 2020 году.

**Численность работников и заработная плата в сфере туризма.** Среднесписочная численность работников предприятий и организаций сферы туризма в 2024 году составила 11 тыс. человек. Наибольшее число работников (29 процентов) было занято в гостиничных учреждениях.

Среднемесячная номинальная начисленная заработная плата одного работника в сфере туризма в 2024 году составила 24 927 сомов и по сравнению с 2020 годом увеличилась в 2,4 раза.

**Услуги в сфере туризма.** В 2024 году населению оказано туристско-экскурсионных услуг на сумму около 6 млрд. сомов, что по сравнению с 2023 годом в 1,5 раза больше, а санаторно-курортных услуг – на 9 процентов больше.

Объем услуг, оказанных гостиницами и другими местами для краткосрочного проживания, составил более 8 млрд. сомов и по сравнению с 2023 годом увеличился на 30,3 процента.

**Туристские перевозки.** Всеми видами пассажирского транспорта в 2024 году перевезено более 9 млн. туристов, что по сравнению с 2020 годом в 11 раз больше, а по сравнению с 2023 годом - на 1,3 процента больше.

Доходы, полученные от перевозок туристов (в текущих ценах), по сравнению с 2020 годом увеличились в 3,6 раза, а по сравнению с предыдущим годом - на 20 процентов.

**Производство товаров для туризма.** Промышленными предприятиями в 2024 году произведено товаров, способствующих развитию туризма, на 2,7 млрд. сомов, что на 1,2 процента меньше, чем в предыдущем году. Снижение объемов производства обусловлено спадом выпуска сувениров - на 43 процента и минеральных вод - на 9 процентов.

В то же время, в 2024 году по сравнению с предыдущим годом повысилось производство национальных ковров и мужских национальных калпаков в 1,9 раза, юрт – в 1,6 раза, а также шахмат, нард и кисломолочных напитков - в 1,4 раза.

**Страхование туризма.** В финансовом секторе экономики республики в 2024 году осуществляли деятельность 16 страховых компаний, которыми заключено 1,7 млн. договоров страхования, что по сравнению с 2020 годом в 10,5 раза больше. Из общего количества заключенных в 2024 году договоров страхования около 72 тыс., или 4,3 процента приходилось на страхование туризма (8,4 процента - в 2020г.).

На конец 2024 года страховая сумма по заключенным договорам страхования туризма сложилась в размере 140,8 млрд. сомов, сократившись по сравнению с 2023г. на 22,3 процента (или на 40,5 млрд. сомов), а по сравнению с 2020 годом, напротив, увеличилась в 4,4 раза, или почти на 109 млрд. сомов. В 2024 году поступило 118,2 млн. сомов страховых взносов, что по сравнению с 2023 годом на 2 процента меньше, а по сравнению с 2020 годом - в 6,6 раза больше. При этом, в 2024 году на долю туризма в страховой деятельности приходилось 7,5 процента от общей страховой суммы и 2,3 процента всех поступивших страховых взносов.

В целом за 2024 год зарегистрировано 613 страховых случаев, по которым произведено 28 млн. сомов страховых выплат.

**Итоги обследования сферы туризма.** В целях эффективной организации работ по статистике туризма и обеспечения полноты охвата субъектов (юридических и физических лиц), осуществляющих экономическую деятельность в сфере туризма, расположенных на территории Иссык-Кульской области, в период с 1 по 10 августа 2024 года Нацстаткомом Кыргызской Республики совместно с Иссык-Кульским областным управлением статистики проведено сплошное единовременное обследование.

Всего обследовано 178 санаторно-курортных учреждений, организаций отдыха и специализированных средств размещения, 1195 частных гостевых домов, расположенных на территории учреждений отдыха и 818 частных гостевых домов, расположенных вне территории учреждений отдыха.

Кроме того, Нацстаткомом на ежегодной основе проводится выборочное обследование домашних хозяйств, принимающих неорганизованных туристов в рекреационных зонах Иссык-Кульской области в период летнего туристического сезона. Туристический сезон 2024 года характеризовался увеличением числа туристов, в том числе пользующихся услугами домашних хозяйств области, предоставляющих места для проживания и занимающихся организацией их питания. Одновременно отмечено, что средняя продолжительность отдыха одного человека составила 3 дня. В 2024 году в неорганизованном секторе туризма области отдохнуло 427 тыс. человек, из которых около 26 тыс. человек - иностранные граждане.

# Таблицалар

# Таблицы

**Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр**

**Болгон орундардын мейманкана фондун пайдалануу коэффициенти** – бир учурдагы сыйымдуулукту бир жылдагы күндөрдүн санына көбөйтүп, алынган сумманы адамдар түнөгөн санга бөлүү жолу менен аныкталат.

**Дарылоочу санаторийлер жана пансионаттар** – койкалар менен жабдууланган жана жаратылыштын дарылоо факторлорунун (климатты, минералдык сууларды, дарылоочу баткактар ж.б.) дарылык касиеттерин пайдалануунун негизинде башкы түрдө реабилитациялык дарылоону камсыздаган дарылоо-алдын алуу уюмдары. Алар бардыгы адистештирилген жана бир – же көп тармактуу болушат, эрежедегидей курорттордун жана дарылоо-ден соолукту чыңдоочу жерлердин чектеринде жайгашышат.

